БМ-13 № 184 Чолпонбаева Айгүл Кадырбековна

МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН СӨГҮНГӨН АДАТТАРЫНА МУГАЛИМДИН МАМИЛЕСИ

Кириш сөз

Улуу залкар жазуучубуз Чынгыз Айтматов: “Адамга эң кыйыны-күн сайын адам болуу”, - деп бекер айткан эмес экен. Ушул таасирдүү айтылган бир сүйлөмдө деңиздин тереңинде катылгандай терең ой жатат түшүнгөн кишиге. Чын эле адам үчүн эң кыйыны-күн сайын адам болуу экен да. Кандай гана адам болбосун, кайсы кесиптин ээси болсо да, мейли мугалим болсун зымга таркандай түптүз, эч кынтыксыз эч ким журө албайт. Айтайын дегеним жоосунсуз жооруктар, туура эмес жүрүш-туруш, а депсиздик жана башка ушул сыяктуу көрүнүштөр жашоо-турмушубузда аралашып жүрөт десем жаңылышпайм. Биз, мугалимдер, балдарды окутуп тарбиялоодо терс адаттардан арылууга, үлгүлүү жүрүм-турумга ээ болууга башкача айтканда адам болууга тарбиялоого аракет кылып келебиз. Терс адаттар толтура, ичинен одоно оркойгон сөгүнүү адаттарына токтолойун.

Дааныштман Сулайман мындай дейт:

Сабырдууда акыл көп,
Ал өзүн кармана билет.
Кыялы чукул акылсыз
Жинденсе сөгүнүп кирет.

Ыр саптарында айтылгандай эле сөгүнгөндөр ачуусу чукул, чорт кыял сабырсыз адамдар.

Ачуулук адамдын терс сапаттарынын бири. Кайгы-капа, кээ бир иштерге туталануу, урушуу, жинденүү өзүн токтото албай сөгүнүүгө алып келет. Арийне “Бир колуңдун ачуусун бир колуң менен бас”, - дегендей көпчүлүк адамдар кайрадан өзүн колго алып, сезимин башкара билүүгө жөндөмдүү келет. Ал эми айрым адамдар: “Мени ушундай жаратып койсо эмне кылайын”, -дегендей пикирде. Ырас, чоң адамдын кулк-мүнөзүн өзгөртүү, аны каалагандай калыпка салуу- өтө татаал иш, атүгүл кээде мүмкүн да эмес. Ошондуктан келечек муундарын окутуп тарбиялоодо олуттуу көңүл буруп, туура жолго салууга аракет кылышыбыз абзел.

Негизги бөлүк

Сөгүнүү-бул, албетте, жаман адат. Көчөдөн, көпчүлүктөн пикир келишпестиктер, чыр-чатак болуп кеткен жерлерден угуп эле жүрөбүз. “ Жакшы сөз – жан эргитет, жаман сөз – жан кейитет”, - дегендей эле сөгүнгөндө ого бетер кыжырданып, уруш – талаш күчөп кеткенине күбө болуп эле жүрөбүз. Сөгүнгөн уят сөздөр – жаман сөздөрдүн туу чокусу. Адамдын көңүлүн иренжитет, жүрөкө катуу тийет, чыр – чатакты күчөтөт, жан – дүйнөнү жабыркатат.

Кандай адамдар сөгүнөт? Бул жаман сөздөрдү көбүнчө кимдер колдонот? – деген суроо туулат. Саресеп салып, балалык кезиме барууга туура келди. Ошол кездеги интеллигенциянын өкүлү болгон мугалимдердин балдары сөгүнбөйт эле. Кошунабыз атасы, апасы- экөө тең мугалимдер. Эки эркек баласынын сөгүнгөнүн укkан жокмун, ал тургай ашыкча да ойношчу эмес. Мектепке түз барып, түз келип, бир да жолу одоно тартип бузгандарын көргөн жокмун. Көп эле балдар мектептен алысыраак жерден, чоң кишилер жок жерден сөгүнүп суйлөгөндөрүн угуп калчубуз. Азыр ойлонсом ошол балдар ата – энеси жөнөкөй, калхоздо иштегендердин балдары экен. Билимдүү,

интеллигенттүү адамдардын балдарынын сөгүнгөнүн укчу эмесмин. Кийин деле, азыр деле сөгүнүшпөйт. Балалык кездеги тарбиясы, кулк – мүнөзү, адеби сакталып калат. Демек, “Уядан эмне көрсө, учканда ошону жасайт”, - дегендей эле экен. Ата – энеси экөө тең тарбиялуу, үлгүлүү үй – бүлөлөрдүн балдары сөгүнбөйт деле. Атасы сөгүнбөсө баласы сөгунбөйт, атасы сөгүнгөндүн баласы да сөгүнөт. Турмуш чындыгы.

Мектеп окуучуларынын арасында, айрыкча, эркек балдардын сөгүнгөн адаттары бар. Адатта башталгыч класстардын балдары окуткан мугалиминен эч нерсени жашырбайт го. Дароо эле: “Эжей тиги бала уят сөздөрдү айтып жатат”, - деп чуркап келип, божурап айтып беришет. Классыбыздагы ар бир баланын кулук-мунөзү, жүрүм –туруму белгилүү эмеспи. Сөгүнгөн адаттарын кандай ыкма менен жойсом экен?- деп ойлонуп, бир күнү бардык эркек окуучуларды чогултуп алып, тарбиялык саат өттүм. Доскага бажырайтып: “Сөгүнгөн адаттан кантип арылабыз?”– деп темасын жазып койдум.

Жакшынакай, жагымдуу маанай музыка уктуруу менен баштадым.

-Балдар, мен ушул маселенин үстүнөн силер менен ачык, кеңири сүйлөшүп алайын деп кыздарды катыштырган жокмун. Ошондуктан эч тартынбай оюубузду эркин айтып, активдүү катышыңарды сурайм.

- Макул эжей.

- Сүйлөштүк анда.

- Адегенде кимдер сөгүнөт? Тактап алалы. Доскага аты аталган балдардын аттарын жазып жаттым. Мага буга чейин эле маалым болчу. Сөгүнгөндөр көп болуп, сөгүнбөгөндөр аз, саналуу эле болуп калды.

-Сөгүнүү-бул эмне? Кандай түшүнөсүнөр?

Айткандарын жазып жаттым. Уят сөз, жаман сөз, жин келгенде айтылат, орой сөз жаман угулат, эркектер айткан сөз, айрымдары кыздар деле сөгүнөт дешет.

-Билет турбайсынарбы жаман уят сөздөр экенин, анда эмнеге сөгүнөсүңөр?

-Көнүп калыптырбыз, эркектерге тиешелүү сөз деп, уруша кеткенде сөгүнөм, чоң кишилерди туурап, сөксө мен да сөгөм, жөн эле- деген жоопторду айтышты.

-Эми силер сөгүнгөн сөздөрдүн маанисин түшүнөсүңөрбү? Ал эмне деген сөздөр? Келгиле доскага жазгыла бирден.

-Уят сөздөрдү жазабызбы?

-Ооба, кайсы уят сөздөрдү колдонуп жүрөсүңөр? Билели да.

1-класстын бир окуучусу келип, кичинекей кылып бир уят сөздү жазып койду. Класстын ичи кыраан-каткырык, уу-дуу.

-Алинур, сен ушул сөздү айтасыңбы, уялбай жазып коет, - дешип күлүп жатышты.

-Силер деле айтасыңар, сөгүнгөнсүңөр-деп чуркап барып, колу менен өчүрүп салды.

-Балдар токтоткула күлкүңөрдү, мен жазгыла деп айттым го, ичинде эч бир кири жок Алинур жазып койду. Келгиле жазгыла. Кыйылып эч ким чыкпайт.

-Мен сыртка чыгып турайын, доскага ар бириң жазып койгула, колдонгон уят сөздөрүңөрдү – деп сыртка чыгып кеттим. Беш мүнөттөн кийин кирсем “сен жаз” деп бири-бирин түрткүлөп жатышышты.

-Силер жаза албасаңар, анда мен жазайын, кана айткыла!

Деле эч ким айтпайт.

-Айта албасаңар, жаза албасанар, анда эмнеге айтасыңар бул сөздөрдү? Сыртта жүргөндө айтат экенсиңер, айрыкча футбол аянтчасында ойноп жүргөнүңөрдө сөгүнгөн сөздөрдү уккан элдер айтып жатышат. Силердин окуучуларыңар деп бизди, баланчанын баласы деп ата-энеңерди, баланча деген бала деп өзүңөрдү уят кылып жатасыңар! Силер көп колдонгон бир эле создү жазайын. Ошонун маанисине көңүл буралы.

-Энеңерди урайын!-деп жазып койдум.

-Эми маанисин айткыла, ким кандай түшүндү?

-Энесин согом дейт - деди 2-класстын бир окуучусу.

-1-2-класстын окуучуларынан башкаңар айткыла. Эч ким унчукпайт.

-Баардыгыңардын энеңер барбы?

-Ооба, бар.

-Эне жөнүндө класстер тузөбүз. Эне-ыйык, кымбат баарынан, эне-үйдүн куту, эненин таманы-бейиште, эненин ак сүтүн актоо жана башка.

-Азаматсыңар балдар! Демек, энелерди сыйлап, барктап, көңүлүн оорутпай жүрүшүбүз керек экен. Туурабы?

-Ооба.

-Анда эмнеге бири-бириңердин энеңерди уруп жатасыңар? Энеңерди урайын!-деп. Эне-ыйык, эне-кымбат деп коюп, энеңерди сөз менен уруп жатасыңар. “Айтылган сөз-атылган ок”, -дейт. Айткан сөзүңөр атылган октой болуп тийип жатпайбы? Балдар тунжурап унчукпай калышты.

-Жакшылап ойлонгула! Энесин жакшы көргөн бала эч качан сөгүнбөш керек. Түшүндүңөрбү сөздүн маанисин?

-Түшүндүк.

-Биз бир эле сөздүн маанисин чечмеледик. А силер жана айта албаган, жаза албаган жаман уят сөздөрдүн маниси деле ушул сыяктуу. Баарыңар көзүңөрдү жумуп, өзүңөр колдонгон уят сөздөрдү ичиңерден айтып, маанисин чечмелеп, ойлонуп көргүлө (5 мүнөт берилди).

-Эми көзүңөрдү ачкыла. Ойлондуңарбы, түшүндүңөрбү?

-Ооба түшүндүк.

-Эми ушул ыплас сөздөрдү айтабызбы?

-Жок, айтпайбыз.

-Азаматсыңар балдар, мен силерге ишенейин. Эми мындай кылабыз. Чоң ак ватман кагазга аттарыңарды жазабыз. 1-2-класстагы балдар жана кыздар көзөмөл жүргүзүшөт. Ким сөгүнсө ошол баланын тушуна белги коюп коебуз. Ким айткан сөзүнө турбай канча жолу сөгүнөт же тескерисинче эч бир сөгүнбөйт. Жылдын аягында жыйынтык чыгарабыз. Кагаз залга илинет.

Телефондон Чубак ажынын “сөгүнүү” жөнүндө айтканын да угузуп койдум. Маанисине деле көңүл бурбай, кадыресе эркектердин адаты деп түшүнүп, айрымдары бири-бирин туурап дегендей, эми мындан ары сөгүнбөйбүз деп убада берүү менен сабагыбызды жыйынтыктадык.

Балдар менен сүйлөштүк, эми аталары менен сүйлөшүү үчүн жыйналыш өтөйүн деген чечимге келдим. Анткени бул терс адаттан арылуу үчүн алардын да салымы

керек эмеспи. Чоңдордун арасында бул адат бар. Айылыбыз чакан болгондуктан белгилүү эле мага.

“Ата-энелер” мектебине бир иш-чара өткөнүмдө жалаң апалар катышышты. Эмки жыйналышта жалаң аталар катышы керек, себеби, аларга тиешелүү тема болоорун айттым. Апалар да туура корушуп, аталарын жиберерин убада кылышты. Белгиленген күнү аталар 80% келип беришти. Теманы сөгүнүү дегенде аларга ыңгайсыздык жаратылабы деп, доскага бажырайтып “Үй-бүлөлүк тарбиялоодо атанын ролу”-деп жазып койдум. Жагымдуу маанайга Самара Каримова ырдаган “Менин атам-эң жакшы адам” деген ырды угузуу менен баштадым. “Ата-аска тоо, эне-оргуган булак, бала- экөөнө тең шам чырак” аска тоодой болгон аталар үчүн бүгүнкү жыйналышыбызды ачык деп жарыялайм. Аталарга дем-күч берип, аларды мактап да койдум.

-Азаматсыңар аталар! Чогулушка активдүү келип бергениңерге. Мунун баары сиздердин балдарыңар үчүн! Кол чаап жибериштиң.

“Атама кат” балдары жазган каттарды ар бирине бердим. Ар бир бала атасын жакшы көрөрүн, чоңойгондо ким болорун, кандай жардам берерин жана башкаларды жазышкан. Окуп алышып, абдан сүйүнүп калышты. Аталардын жакшы сапаттары жана терс сапаттарын жазгыла деп тапшырма бердим.

Терс сапаттар: арак ичүү, сөгүнүү, насвай чегүү, жалкоолук, кыйкырып сүйлөө, үй тапшырмасына жардам бербөө, балага көңүл бурбоо, апасы менен урушуу жана башкаларды жазып коюшуптур. Ар бирине токтолуп, сөгүнүүгө кеңири токтолдум. Аталар деле сөгүнөт деп балдарыңар айтып жатышат. “Алма сабагынан алыс түшпөйт”, - деп аларга үлгү болгула, терс адаттардан арылууга аракет кылгыла, өзүңөр кандай болсоңор, балаңар ошондой болуп чоңоет, ошондуктан татыктуу ата болгула! “Ата даңкы, эне баркы-балага дем”. “Балаңды жакшылыкка жетелеп жанаштыр, жамандыктан кубалап адаштыр”. Кандай сонун айтылган саптар, жаштайынан баланы туура жолго салып койсоң, кийин жакшы натыйжа берээрин эсиңиздерге сала кетейин, урматтуу аталар!

Мойнумдагы бир жүктү алып салгандай, өткөн тарбиялык саатым максатына жетти деген оюм менен жеңилдей түштүм. Ата-энелер менен бирдикте терс адаттардан, анын ичинен одоно оркойгон сөгүнүүдөн арылууга кадам таштадым десем болот. Бул ишти таштабай мындан ары да дайыма көзөмөлдөп турганда гана натыйжасы болоруна ынандым.

Жыйынтыктоо.

Бала тарбиялоо-дайыма орчундуу, тынымсыз жүрүп туруучу иш. Ата-эне менен мугалим өнөктөш катары иштеши керек. Анткени экөөнүн максаты бир. Ата-эне мектепти өзүнчө аралча катары көрбөстөн балдардын келечегине өбөлгө түзүүчү жай экенин сезсе, коомдун да мектепке болгон көз карашы өзгөрөт. Биз, мугалимдер ата-энелер, коомчулук менен тыгыз байланышта болуп, пайдалуу жолгушууларды уюштуруп турушубуз керек. Жөн эле чейректик баасын, тартибин айтып угузуу чогулушу эмес, кызыктуу, пайдалуу жагын коздөшүбүз зарыл. Ар кандай темада, ар кандай формада уюштурулган кызыктуу чогулуштарга, иш чараларга келбей койбойт. Атүгүл келбейт деген аталар да келет. Кичинекей балдар сыймыктануу

менен: “Кечээ менин атам чогулушка келбедиби!”-дешип бири-биринен калышпай жар салышты.

-Меники дагы келди!-деди эзели чогулушка келбеген бир атанын кара тору баласы.

-Эжей айтып коюнузчу менин атам да келди!-деди Аруужан

-Ооба, баарыңардыкы келди, азаматсыңар!Силер мага чоң жардам бердиңер.

Балдар сүйүнүп жатышса, эмнегедир өзүмдү ыңгайсыз сездим.

-Эмнеге мурун деле аталар үчүн ушундай чогулуш уюштурбадым?

-Сөгүнүү адаттарынан арылуу үчүнбү? Дилбаяндын бул темасы келбесе дагы деле уюштурбай жүрөт белем?-деген суроолорду өзүмө берип, кемчиликтерди дагы деле кетире берет экенбиз да. Канткенде адам жаңылышпай, ката кетирбей, улуу адам боло алат! “Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу, ”-экен да деп жыйынтыктамакчымын.